КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ШУМКАР-УЯ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ШУМКАР-УЯ

Депутаттардын Шумкар-Уя айылдык кеңешинин II– чакырылышынын кезектүү I -сессиясынын
№ 4 ТОКТОМУ

25.02.2026-жыл **Сасык-Булак айылы**

Бюджеттен каржылык колдоо көрсөтүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 51-беренесинин Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20- № 123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып Шумкар-Уя айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Сасык-Булак айылындагы жаңы ачылган "Шумкар Алтын-Уя" мектепке чейинки билим берүү мекемесинин кызматкерлерин жумушчу форма менен камсыз кылуу үчүн 227 800 (эки жүз жыйырма жети миң сегиз жүз) сом акча каражаты 3111-беренесинен жылдырылсын;
2. Сасык-Булак айылындагы жаңы ачылган "Шумкар Алтын-Уя" мектепке чейинки билим берүү мекемесинин материалдык-техникалык базасын чыңдоо, мекеменин ишин жогорулатуу максатында керек болгон эмеректерди алуу үчүн 2 609 825 (эки миллион алты жүз тогуз миң сегиз жүз жыйырма беш) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин;
3. Шумкар-Уя айылдык аймагына караштуу Кара-Булуң өзөнүнүн жашоочуларын туруктуу жана сапаттуу электр энергиясы менен камсыз кылуу жана электр тармагынын абалын оңдоо максатында трансформатордук подстанция, бетон карагай жана алюминий чубалгыларын алуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 1 115 000 (бир миллион бир жүз он беш миң) сом акча каражаты 3112-беренесинен жылдырылсын;
4. "Шумкар-Тазалык" муниципалдык ишканасына "КР Талас регионуна караштуу жаратылыш ресурстарын, экология жана техникалык көзөмөл башкармалыгынын талаптарына ылайык, таза суу менен камсыздоо, Беккари чуңкурунун үстүнө чатырча жасоо, интернет, видеокөзөмөл орнотуу жана тазалык кызматкерлери үчүн кеңсе, атайын жуунучу жайы, тамактануучу жайы менен камсыздап берүү үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 5 286 500 (беш миллион эки жүз сексен алты миң беш жүз) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин,
5. "Шумкар-Тазалык" муниципалдык ишканасынын 2026-жылга толук кандуу иш алып баруусу үчүн жалпы бюджеттик көрсөткүч 19982,3миң сомду түзүп, чыгаша бөлүгү 19982,3 миң сом болгондуктан жетпей калган чыгымдарды жабуу максатында жергиликтүү бюджеттен 10500,1 сом акча каражаты субсидия катары 3111-беренесинен жылдырылсын;
6. Шумкар-Уя айылдык аймагына караштуу Талды-Булак айылындагы №9 үй булөлүк дарыгерлер тобуна саламаттык сактоо кызматтарынын жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу, бейтаптарга өз убагында так диагностика жүргүзүү шарттарын түзүү максатында УЗИ аппаратын, лабораториялык жабдыктарды алуу үчүн 1 000 000 (бир миллион) сом акча каражаты 3112-беренесинен бөлүнүп берилсин;

7. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2025-жылдын 18-декабрындагы №08-5/20237 сандуу катынын негизинде, 2026-жылга карата зыяндуу организмдерге каршы алдын ала даяр туруу үчүн 200 000 (эки жүз миң) сом акча каражаты 3111-беренесинен жылдырылсын;
8. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы №60 "Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө" Мыйзамынын негизинде, жол кырсыктарын алдын алуу жана азайтуу максатында "Суусамыр-Талас-Тараз" унаажолуна 2 (эки) даана "ВСМ2-М" стационардык АПК (автоматташтырылган программалык комплекстери) алуу үчүн 2 189 000 (эки миллион бир жүз сексен тогуз миң) сом акча каражаты 3112-беренесинен жылдырылсын;
9. Кыргыз Республикасынын Президентинин "Үңгу жол" Жарлыгынын негизинде, кыргыз элинин баалуулуктарын сактоо жана нарк нускасын улантып, өрнөктүү иш-чараларды уюштуруу максатында, жаңы түзүлгөн "Нуска" тобуна алгачкы иш-аракеттери жана формалары үчүн 200 000 (эки жүз миң) сом акча каражаты 3111-беренесинен жылдырылсын;
10. Шумкар-Уя айыл аймагына караштуу Кара-Ой айылындагы А.Бөрүбаев атындагы Көк-Арык орто мектебинин окуучулары Катар мамлекетине чет тили боюнча олимпиадасына катышып келүү үчүн жол акысы жана жатаканасына жергиликтүү бюджеттен 60 000(алтымыш миң) сом акча каражаты 3111-беренесинен жылдырылсын;
11. Шумкар-Уя айыл аймагына караштуу Ак-Коргон айылындагы Кудайбергенов Чоробай жана Кенжегараев Кожобек көчөлөрүнүн электр мамычаларын алмаштыруу жана жаңы трансформатор алуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 1 328 000 (бир миллион үч жүз жыйырма сегиз миң) сом акча каражаты 3112-беренесинен жылдырылсын;
12. Шумкар-Уя айыл аймагындагы Шумкар-Уя апалар тобу 2026-жылдын 16-апрелинде Бишкек шаарындагы филармонияда "Ыр кербенге 5 жыл" аттуу иш-чарага катышуу үчүн форма алууга жана "Таланттуу апалар 2026" Ысык-Көл телефестивалына жана 31-август эгемендүүлүк күнүнө карата уюштурулган иш-чарага катышууга жалпысы 400 000 (төрт жүз миң) сом акча каражаты 3111-беренесинен жылдырылсын;
13. Шумкар-Уя айыл аймагында түзүлгөн "Айкөл" академиясынын бий ийримине катышкан кыздардын республикалык маанилүү иш-чараларга катышуусу үчүн алардын формаларына 546 100 (беш жүз кырк алты миң) сом акча каражаты 3111 беренесинен жылдырылсын.
14. Шумкар-Уя айыл аймагына караштуу Кара-Ой айылындагы А.Бөрүбаев атындагы Көк-Арык орто мектебинин базасында түзүлгөн "Аймак таануу жана көркөм өнөр" ийриминин мүчөлөрүнүн толук кандуу билим алышына колдоо көрсөтүү максатында 59 420 (элүү тогуз миң төрт жүз жыйырма) сом акча каражаты 3111-беренесинен жылдырылсын;
15. Шумкар-Уя айыл аймагынын жер адисине, аймактагы жер маселелерин так жана ыкчам жүргүзүү, жер тилкелерин өлчөө үчүн керектелүүчү шаймандарын алуу үчүн 1 600 000 (бир миллион алты жүз миң) сом акча каражаты 3111 беренесинен жылдырылсын.
16. "Шумкар-Сервис" муниципалдык ишканасына техникалардын жабдууларын жаңыртуу максатында МТЗ 89,2, МТЗ 82,1, электроавтобуска, Хово жана Палессе комбайнга дөңгөлөк алып берүү үчүн 2 052 000 (эки миллион элүү эки миң) сом акча каражаты 2214-беренесине 3111-беренесинен жылдырылсын.
17. Талас районундагы Кум-Арык айылындагы Талас атайын жалпы билим берүүчү (көмөкчү) жатак мектебинин тарбияланууучуларынын өнүгүүсүнө шарт түзүү, ден-соолугуна кам көрүү максатында 70 200 (жетимиш миң эки жүз) сом акча

каражаты социалдык коргоо эсеп бөлүмүнүн 2215 беренесине 3111-беренесинен жылдырылсын.

18. Жумагул уулу Алымкул атындагы орто мектебинин чыгаан атуулдарынын китебин чыгаруу үчүн 1 000 000 (бир миллион) сом акча каражаты 2215-беренесине 3111 беренесинен жылдырылсын.
19. Шумкар-Уя айыл аймагына караштуу Талды-Булак айылынын жаштар комитетинин кайрылуусунун негизинде, Талды-Булак айылында өткөрүлгөн "Тамаша чемпионаты" аттуу тамашоу сынагынын жеңүүчү командасынын жөндөмдөрун өнүктүрүү, мекенчилдик сезимин ойготуу максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеш имаратына таанышуу сапарына алып баруу үчүн жол кире, тамак ашына, жатаканасына 84 000 (сексен төрт миң) сом акча каражаты 2215-беренесине 3111-беренесинен жылдырылсын.
20. Шумкар-Уя айыл аймагындагы дыйкандарды колдоо жана айдоо иштерин өз убагында жүргүзүү үчүн "Шумкар-Сервис" муниципалдык ишканасына 100 (жүз) тонна күйүүчү май суммасы 8 000 000 (сегиз миллион) сом ЖКХ бөлүмүнө 3111 беренесинен жылдырылсын.

Шумкар-Уя айылдык кеңешинин этика жана маданият, социалдык ден-соолук маселелери боюнча туруктуу комиссия мүчөлөрүнүн, жарандардын жашоо шартын изилдөө актысынын негизинде, турмуш тиричилиги начар болуп, жардамга муктаждыктары аныкталгандыгына байланыштуу жардам иретинде жалпы 1810,0 миң сом акча каражаты төмөндөгү жарандарга бөлүнүп берилсин.

- Кеңеш айылы, Ниязалиев Бактыбек- 2002-жылдан бери грыжа оорусу менен жабыркап келет, варикозу да бар, азыркы учурда жалгыз бой, эки баласын жалгыз тарбиялап, бир баласы атасын багып келсе, экинчи баласы иштеп акча табат, акча каражаты жетишпгендиктен 60 000 (алтымыш миң) сом акча каражаты;
- Кара-Ой айылы, Жаныбек кызы Мунара жашоо шарты начар, жолдошу да 1-группадагы майып, 2007-жылы туулган кызы Абдыкадырова Алиянын ДЦП оорусу менен ооруп, дарылатканга акча каражаты жетишпегендигинен 150 000 (жүз элүү миң) сом акча каражаты;
- Сасык-Булак айылы, Нусубалиев Сулумбек кызы Эсенбекова Айпери 2025-жылы жүрөгүнөн операция болуп, ушул күнгө чейин жакшы боло албай келет, дагы Бишкекке барып көрүнүп келүүгө акча каражаты жетишпегендиктен 150 000 (жүз элүү миң) сом акча каражаты;
- Кеңеш айылы, Дүйшенбиев Кытайбек 2019-жылы жол кырсыгына кабылып, бир буту кесилип, протез койдурган. Ошол протезин кайрадан алмаштыруу үчүн 100 000 (жүз миң) сом акча каражаты;
- Кара-Ой айылы, Куттубаев Бакыт 2025-жылы кырсыкка кабылып, бел омурткасына операция болгон. Азыркы учурда экинчи жолу операция боло тургандыгына байланыштуу жана акча каражаты жетишпегендиктен 50 000 (элүү миң) сом акча каражаты;
- Сасык-Булак айылы, Дүйшеева Жыпаркүл 2025-жылы давлениеси 220 жетип инсульт алган, дарылануусуна акча каражаты жок болгондугуна байланыштуу 150 000 (жүз элүү миң) сом акча каражаты;
- Чоң-Токой айылы, Барымбаев Сүйүналы 2004-жылы туулган кызынын 19 жашынан баштап кулагы укпай калып, Турция мамлекетинен операция болгон, ошол операциясына 1300, 0 миң сом акча каражатын кредитке алып жумшашкан, жардам катары 150 000 (жүз элүү миң) сом акча каражаты;
- Кеңеш айылы, Бекибаев Сыргакбек буту шишип, тизсине жетип калган, Бишкек шаарына барып дарыланып келүү үчүн акча каражаты жетишпейт жана жардам катары 50 000 (элүү миң) сом акча каражаты;

- Кеңеш айылы, Ормонбекова Асия көп жылдан бери боордун циррозу деген диагноз менен ооруп келет, 4-стадьясына жетип калган дарылануусуна акча каражаты жетишпегендиктен 150 000 (жүз элүү миң) сом акча каражаты;
- Ак-Коргон айылы, Кенжегулов Бообек жалгыз бой, ушул окуу жылынан баштап астма оорусуна чалдыккан, айына 2 жолу Бишкек шаарына барып дарыланып келүүсүнө акча каражаты жетишпегендигинен 150 000 (жүз элүү миң) сом акча каражаты;
- Талды-Булак айылы, Жапаркулова Калбү үйүнүн жанындагы эски мечитти бир баласына каттап берүүнү суранган, жашоо шарты начар, тамынын чатыры жараксыз абалда болуп төбөсүнөн суу түшүп жаткандыктан чатырын оңдоп алуусуна жана өзү дагы ооруп, жаткандыгын эске алып жардам катары 150 000 (жүз элүү миң) сом акча каражаты;
- Ак-Коргон айылы, Шатманбекова Бүсайра 12 жаштагы жээни кант диабети менен ооруп инсулинге отуруп калган, жашоо шарты туура келбегендиктен 50 000 (элүү миң) сом акча каражаты;
- Кеңеш айылы, Сулайманов Жоомарт 2025-жылы автокырсыкка учурап дарылануга 150 000 (жүз элүү миң) сом акча каражаты;
- Чоң-Токой айылы, Кабылбеков Кубаныч 3 жылдан бери бөйрөк оорусу менен ооруп келет, Турция мамлекетинен бөйрөгүн алмаштырып операция болуп, экинчи ирет дагы барып көрунуп келүүсүнө 150 000 (жүз элүү миң) сом акча каражаты;
- Кара-Ой айылынын тургундарынан Кара-Ой айылынын тургуну Токтоналиев Дүйшөнбектин жубайы учурда оор акыбалда ооруканада жатат жана турмуш шарты начар болгондуктан 150 000 (жүз элүү миң) сом акча каражаты;
- Кеңеш айылы, Сыдыков Кадырбек 2025-жылы инсульт алган, бир капталы иштебей калган дарылануусуна акча каражаты жетишпейт, жардам катары 150 000 (жүз элүү миң) сом акча каражаты;
- Кара-Ой айылы, Жапаров Максат аз камсыз үй бүлө, малы жок, учурда ооруп дарылануга акча каражаты жетишпегендиктен, 150 000 (жүз элүү миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

16.Токтом кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет.

17.Токтомду аткаруу жагы Шумкар-Уя айыл аймагынын өкмөт башчысы Б.Кыдыралиевге милдеттендирилсин.

18.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

Төрага **А.Борукеев**